**Тесттин үлгүсү:**

**Арстанбек Буйлаш уулу кайда төрөлгөн?**
Ысык-Көлдүн Сыртында
Ак-Өлөң айылында
Кочкордо
Караколдо

Арстанбек Буйлаш уулу 1840-жылы Ысык-Көлдүн Сыртында туулган. Анын балалык чагы атасы Буйлаштын жана ага-туугандарынын кой козусун кайтаруу менен өтөт. Арстанбек Буйлаштын салбар аялынан төрөлгөндүктөн, улуу аялынын балдарына тең ата боло албай чоңоёт. Ал жаш кезинен эле комузга шыктуу болгон.

**Арстанбек Буйлаш уулу качан төрөлгөн?**
1840-жылы
1811-жылы
1758-жылы
1788-жылы

Арстанбек Буйлаш уулу 1840-жылы Ысык-Көлдүн Сыртында туулган. Анын балалык чагы атасы Буйлаштын жана ага-туугандарынын кой козусун кайтаруу менен өтөт. Арстанбек Буйлаштын салбар аялынан төрөлгөндүктөн, улуу аялынын балдарына тең ата боло албай чоңоёт. Ал жаш кезинен эле комузга шыктуу болгон.

**Арстанбек Буйлаш уулунун эң көлөмдүү чыгармасы кайсы?**
“Замана”
”Тар заман”
“Зилзала”
“Акыр заман”

Арстанбек Буйлаш уулу “Кожожаш”, “Бердикожо”, “Беш казак” атуу кенже эпосторду айтат. “тар заман” Арстанбектин эң көлөмдүү чыгармасы болуу керек. Тилекке каршы бул чыгармасы бизге толугу менен жеткен жок. Атасы Буйлашты ээрчип, Арстанбектин Анжиянга барышы акындын ырчылык чеберчилигинин жогорулашына, анын

атак-даңкка ээ болушуна көмөк көрсөтүп, кийинки тагдырына олуттуу таасир тийгизет. 1882-жылы 42 жашында дүйнөдөн кайтат. Арстанбектин “Тар заманы” Калыгулдун “Акыр заманы” менен өтө окшош экенин байкоого болот.

**Калыгул Бай уулу качан төрөлгөн?**
1758-жылы
1785-жылы
1888-жылы
1895-жылы,

Нускоочу, ойчул акын Калыгул бай уулу 1785-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүнүн Карой-Сарой деген жеринде Бай аттуу оокаттуу, төрт түлүгү түгөл адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ал атасынан калган оокатка ээ болуп, өмүрү өткөнчө, эч нерседен кор болгон эмес. Калыгулдун чоң атасы, чоң энеси алардын бир тууганадары жөнүндө маалыматтар жок, бирок Калыгулдун өзүнөн тараган укум-тукуму бар.

**Калыгулдун атактуу чыгармасы?**
“Тар заман”
“Зилзала”
“Акыр заман”
“Заманачылар”

Калыгул бизге белгилүү кыргыз сөз устаттарынын алгачкыларынын өкүлү. Ага чейин жашап, эл арасына ырлары кеңири тараган акындар жөнүндө маалыматтар жокко эсе. Ошондуктан аны кыргыз акындарынын ичинен жашы боюнча гана эмес, адабий тажрыйбасы жагынан да аксакал катары кароого болот. Ал айткандарын жалпы жонунан “Акыр заман” сөздөрү деп атаган.

**Калыгул ким болгон?**
нускоочу, ойчул акын
белгилүү төкмө акын
чоң комузчу
кыргыз элинин ханы, беги

Нускоочу, ойчул акын Калыгул бай уулу 1785-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүнүн Карой-Сарой деген жеринде Бай аттуу оокаттуу, төрт түлүгү түгөл адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ал атасынан калган оокатка ээ болуп, өмүрү өткөнчө, эч нерседен кор болгон эмес. Калыгулдун чоң атасы, чоң энеси алардын бир туугандары жөнүндө маалыматтар жок, бирок Калыгулдун өзүнөн тараган укум-тукуму бар.

**Алыкул Осмонов кайсы жылы, кайда төрөлгөн?**

1902-ж. Ысык-Көл областы, Бостери айылы
1904-ж. Чүй областы, Токмок шаары,
1915-ж. Панфилов району, Каптал Арык айылы
1915-ж. Москва району, Сосновка айылы

Алыкул Осмонов - Панфилов районундагы Каптал-Арык айылында 1915-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ал жаш кезинен эле ата-энесинен ажырап, жетимдиктин азабын да, турмуштун кыйынчылыктарын да башынан өткөрөт. 1925-жылы Фрунзе шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынат. Бир аздан кийин эле балдар үйү Токмок шаарына көчүрүлөт. 1925-1928-жылдары ошол балдар үйүндө тарбияланат.

**Алыкул Осмоновдун алгачкы ыры кайсы газетага, кандай аталышта чыккан?**

"Кызыл жүк", "Сабаттуу бол" газетасы
"Ата Журт", "Чабуул" газетасы
"Чолпонстан", "Эркин Тоо" газетасы
"Маляр", "Тилчи" газетасы

Он төрт жашында Фрунзедеги педагогикалык техникумга кирип, анын алдындагы адабий ийримге катышып, орустун белгилүү жазуучуларынын чыгармалары менен таанышат. 1930-жылы "Сабатуу бол" газетасынын сентябрь айындагы санына биринчи жолу анын "Кызыл жүк" деген ыры басылып, адабий тушоосу кесилет. Ушундан баштап анын ырлары газета, журналдарга үзбөй жарыяланат. 1935-1950-жылдар аралыгында ал ондон ашык ыр китептин ээси болду.

“Таңдагы ырлар”, “Жылдыздуу жаштык” “Чолпонстан”, жана башка жыйнактары жарык көрөт.

**Алыкул Осмонов кайда тарбияланган?**
таенесинин колунда
жээнин үйүндө
балдар үйүндө
байкесинин колунда

Алыкул Осмонов - Панфилов районундагы Каптал-Арык айылында 1915-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ал жаш кезинен эле ата-энесинен ажырап, жетимдиктин азабын да, турмуштун кыйынчылыктарын да башынан өткөрөт. 1925-жылы Фрунзе шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынат. Бир аздан кийин эле балдар үйү Токмок шаарына көчүрүлөт. 1925-1928-жылдары ошол балдар үйүндө тарбияланат.

**Алыкул Осмоновдун ырлар жыйнактары кайсылар?**
“Эмгекчи эл”, “Ата журт”, “Кызыл Кыргызстан”
”Чолпонстан”, “Таңдагы ырлар”, “Жылдыздуу жаштык”
“Ак Мөөр”, “Чаңгеттин чабандеси”, “Билим уясы”
“Таш күзгү”, “Уяң жылдыздар”, “Көк сулуу”

Он төрт жашында Фрунзедеги педагогикалык техникумга кирип, анын алдындагы адабий ийримге катышып, орустун белгилүү жазуучуларынын чыгармалары менен таанышат. 1930-жылы “Сабатуу бол” газетасынын сентябрь айындагы санына биринчи жолу анын “Кызыл жүк” деген ыры басылып, адабий тушоосу кесилет. Ушундан баштап анын ырлары газета, журналдарга үзбөй жарыяланат. 1935-1950-жылдар аралыгында ал ондон ашык ыр китептин ээси болду. “Таңдагы ырлар”, “Жылдыздуу жаштык” “Чолпонстан”, жана башка жыйнактары жарык көрөт.